«БЕКИТЕМИН»
Кыргыз–Түрк “Манас”
университетинин проректору

PhD., доцент К. Карымшаков
« 25 » май 2022 ж.

**Былыкова Махабат Максатованын 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Окутуунун интерактивдүү методдорун пайдалануу менен студенттердин таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары” аттуу диссертациялык ишине жетектөөчү мекеме болгон Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин педагогика кафедрасынын**

# П И К И Р И

1. **Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** XXI кылымдагы фундаменталдык билим берүү системасынын өзгөчөлүгү катары ар кандай билим берүү системасы окуучуну билим менен куралдандырып гана тим болбостон, билимдин тынымсыз жана тез жаңыланып турушунан улам аларда аларда билимди өз алдынча үзгүлтүксүз өздөштүрүү жөндөмдүүлүгүн калыптандырууну алдыңкы планга чыгарууда. Ошондуктан жогорку билим берүү боюнча расмий мамлекеттик документтерде, билим берүү концепцияларында студентти билим алуунун активдүү субьектине айландыруу актуалдуу маселе катары каралып келет. Ошону менен бирдикте Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын азыркы шартында студенттерди таанып билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн моделин долбоорлоо жана аны жүзөгө ашырууну педагогикалык жактан негиздөө жеткиликтүү колго алынбай келе жаткан маселелердин бири катары ортого чыгууда.

Ал эми болочок мугалимдин кесиптик жана инсандык касиеттеринин заманбап көрсөткүчтөрү дал ушул ишмердүүлүктүн калыптаныш деңгээлинен түздөн-түз көз каранды болуп саналат. Мына ушул аспектиден алып караганда изденүүчү Былыкова Махабат Максатованын диссертациялык изилдөөсүнүн темасынын **актуалдуулугу** эч кандай шек жаратпайт. Аталган илимий иш азыркы учур үчүн өтө зарыл, мезгил талабына шайкеш, олуттуу проблеманы чечүүгө арналганын тастыктоого болот.

Изденүүчү өз изилдөөсүнүн актуалдуулугун студенттердин таанып-билүү активдүүлүгүн окутуунун интерактивдүү методдорун пайдалануу менен



И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 83 « 1 » 06 2022
Окум. катчы: 

өнүктүрүүнүн психологиялык-педагогикалык моделин, шарттарын, дидактикалык каражаттарын иштеп чыгуунун зарылдыгын педагогикалык практиканын актуалдуу милдеттеринин контекстинде ынанымдуу негиздей алган. Изилдөө зарылдыгын жараткан карама-каршылыктар жана проблема туура айкындалган. Буга байланыштуу кыргыз педагогикасындагы темага тиешелүү илимий-педагогикалык адабияттарга жетишээрлик деңгээлде илимий баа берилген. Адабияттарды талдоо теманын изилдениш абалын аныктоого мүмкүнчүлүк берген.

**Диссертациянын түзүлүшү** коюлган максатка жана милдеттерге дал келип, алардын ырааттуу удаалаштыкта чечилиши көрсөтүлгөн. Диссертациялык иш киришүүдөн, үч главадан, изилдөөнүн негизги тыянактарынан, корутундудан, изилдөөдө колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Диссертациялык иштин структурасы илимий изилдөөнүн логикасына туура келип, коюлган максаттын жана иликтөөнүн милдеттеринин жүзөгө ашырылышын толук камсыздайт.

**Киришүүдө** тандалып алынган теманын актуалдуулугу, максаты, милдеттери жана илимий жаңылыгы, практикалык баалуулуктары, жактоого алынып чыгуучу жоболор, изилдөөнүн жыйынтыгынын апробацияланышы, жайылтылышы, илимий иштин структурасы келтирилген.

"О**кутуунун интерактивдүү методдору аркылуу студенттердин таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн теориялык негиздери"** –деп аталган биринчи бапта изилдөөнүн жалпы теориялык базасы жана изилдениш абалы талдоого алынган. Автор таанып-билүү активдүүлүгү түшүнүгүн тактоодо философия, психология, педагогика, социология, тармактарындагы көптөгөн эмгектерге кайрылып, алардагы өзөктүү идеяларды эреже талаптарга ылайык талдоого алып, өз позициясын билдирген. Ошону менен бирдикте автор ал изилдөөлөрдүн концептуалдуу идеяларын, рационалдуу натыйжаларын өз изилдөөсүнүн мазмундук параметрлерин коррекциялоо, тактоодо ийкемдүү колдоно алган. Ар кандай булактарга негизденүү менен студенттин таанып-билүү активдүүлүгү дегенде – анын билим алуу процессине жана натыйжаларына карата эмоционалдык-дөөлөттүк мамилесин, максаттуу иш-аракетин түшүнөбүз –деп өздүк аныктамасын тариздеген.

Диссертациялык изилдөөнүн **"Окутуунун интерактивдүү методдору аркылуу студенттердин таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттарын изилдөөнүн материалдары жана методдору"** аттуу экинчи главасында анда аталган маселени изилдөөнүн методологиялык прициптери, методдору, модели айкындалган. Автор мурдагы изилдөөлөргө жана өздүк эмпирикалык изденүүлөрүнө таянып, окутуунун интерактивдүү методдорун пайдалануу менен студенттердин таанып-билүү активдүүлүгүн

өнүктүрүү – бул аларда билимге баалуулук, башкы керектөө катары мамилеси, позициясы туруктуу, билим алуудагы кыйынчылыктарды талыкпай жеңүүгө даражеттүү, таанымдык тапшырмаларды стандарт, шаблондордон тышкары креативдүүлүк менен чечүүгө умтулган билимдерди өздөштүрүүдө өз алдынчалыгы, бекем эрки бар, өзүнүн билиминдеги кем-өксүктөрдү рефлексивдик баалоо маданияты жеткилең, инсандык касиеттерди тарбиялоого багытталган максаттуу, үзгүлтүксүз, ырааттуу уюштурулган педагогикалык процесс – деп, тыянак чыгарган. Мындай автордук тыянак ар тараптуу аргументтерге негизделгендиктен ишенимдүүлүгү жогору деп эсептейбиз. Теориялык жана эксперименталдык изилдөөлөрдүн натыйжасында интерактивдүү окутуу методдору аркылуу таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн төмөнкүдөй педагогикалык шарттары аныкталган: студенттерди окуу ишмердүүлүгүнүн субъекти катары кароо жана окутуу процессин уюштурууда анын мотивациясын, субъекттик тажрыйбасын жана рефлексияны максималдуу эске алуу; педагогикалык билим берүүнүн мазмуну регламентациялаган документтерде жана окутуу практикасында студенттердин таанып-билүү активдүүлүгүн интерактивдүү методдор аркылуу өнүктүрүү идеясына негизделген иновациялык билим берүү чөйрөсүн түзүү; ЖОЖ окутуучусунун интерактивдүү окутуу методдорун колдонуу чөйрөсүндөгү компетенттүүлүгү. Айкындалган шарттардын ичинде интерактивдүү окутуучу студенттердин таанып-билүү ишмердүүлүгүн активдештирүү процессин инновациялык өңүттө өркүндөтүүнүн негизги фактору катары каралат. Педагогикалык шарттар өз ара көз карандылыкта, өз ара байланышта системдүү мамиленин негизинде айкындалган.

**Үчүнчү бап «Педагогикалык эксперимент жана анын жыйынтыгы»** деп аталып, анда изилдөөдө долбоорлонгон педагогикалык модель жана шарттардын алкагында реалдуу окуу процессинде окутуунун интерактивдүү методдору аркылуу студенттердин таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган окуу процессинде студенттерди окуу ишмердүүлүгүнүн субъекти катары кароо жана окутуу процессин уюштурууда алардын мотивациясын, субъекттик тажрыйбасын жана рефлексиясын өнүктүрүүгө; педагогикалык билим берүүнүн мазмунун регламентациялаган негизги билим берүү программасын, окуу методикалык комлекстерди, силлабус жана окуу материалдарын жана күнүмдүк сабактарды өткөрүү методикасын интерактивдүү методдорду колдонуу контекстинде өркүндөтүү; интерактивдүү методдорду колдонуу аркылуу инновациялык билим берүү чөйрөсүн түзүү багытындагы окутуучулардын кесиптик жоопкерчиликтерин, компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүгө багытталган практикалык иш-чаралардын натыйжалуулугу талдоого алынган.

**2. Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык мааниси:**

- Жогорку окуу жайларда интерактивдүү окутуу методдору аркылуу студенттердин таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүү багытындагы илим жана практикадагы тенденциялар, өбөлгөлөр талдоого алынып айкындалган;
- педагогикалык дисциплиналарды окутуу процессинде интерактивдүү окутуу методдору аркылуу студенттердин таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн модели иштелип чыккан;
- педагогикалык дисциплиналарды окутуу процессинде интерактивдүү окутуу методдору аркылуу студенттердин таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары аныкталган;
- айкындалган модель жана педагогикалык шарттардын натыйжалуулугу эксперимент аркылуу тастыкталган.

**3. Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын, таянактарынын жана корутундусунун негизделгендиги жана ишенимдүүлүк даражасы.**

Изилдөөдөн келип чыккан теориялык тыянактардын ишенимдүүлүгү тиешелүү методологиялык жоболордун жана методдордун жетекчиликке алынышы аркылуу камсыздалган. Коргоого коюлган диссертация илимий натыйжаларга жетүү жолундагы автордун изилдөөчүлүк ишмердүүлүгүн жана өздүк салымын тастыктай алат.

**4. Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын (жобосунун), тыянактарынын жана корутундусунун жаңылык даражасы.**

1- **натыйжа.** *Салыштырмалуу жаңы.* Жогорку окуу жайларда интерактивдүү окутуу методдору аркылуу студенттердин таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүү багытындагы илим жана практикадагы тенденциялар, өбөлгөлөр талдоого алынган.

2- **натыйжа.** Жогорку окуу жайларда интерактивдүү окутуу методдору аркылуу студенттердин таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн модели автордук изилдөөнүн натыйжасы болуп эсептелет.

3- **натыйжа.** *Жаңы.* Анткени, Жогорку окуу жайларда интерактивдүү окутуу методдору аркылуу студенттердин таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары ата мекендик педагогикада изилдөөнүн проблемасы катары атайы каралып айкындалган эмес. Аныкталган билимдер болочок мугалимдерди даярдоонун мазмунун. методдорун өнүктүрүү багытында өзгөчө мааниге ээ.

4- натыйжа. *Жаңы,* сунуш кылынган теориялык жоболор жана практикалык сунуштардын натыйжалуулугу педагогикалык экспериментте өз алдынча текшерилип жаңы натыйжалар алынган.

5. **Изилдөөнүн практикалык мааниси:**
   - педагогика дисциплиналарын окутууда интерактивдүү методдорду колдонуу аркылуу студенттердин таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүү багытындагы теориялык жактан негизделип, практика жүзүндө сынактан өткүрүлгөн методикалык нускоолорду башка гуманитардык предметтерди окутуу практикасында да колдонууга болот;
   - студенттердин таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүү боюнча иштелип чыккан жана сыноодон өткөн моделди, педагогикалык шарттарды ЖОЖдордо болочок мугалимдердин кесипитк педагогикалык компетенттүлүгүн калыптандырууга багытталган окутуу процессин өнүктүрүүдө жетекчиликке алууга болот;
   - изилдөөнүн материалдарын ЖОЖ окутуучуларынын кесиптик педагогикалык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүдө колдонууга болот.

6. **Алынган натыйжалардын ички биримдигин жана тиешелүү актуалдуу проблеманы, теориялык жана прикладдык милдетти чечүүгө багытталгандыгын баалоо.**

Изденүүчү Былыкова Махабат Максатованын 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Окутуунун интерактивдүү методдорун пайдалануу менен студенттердин таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары” аттуу темадагы диссертациясында көрсөтүлгөн натыйжалар болочок мугалимдерди кесиптик педагогикалык жактан даярдоо маселелеринин көп кырдуу аспекттерин илимий жактан таанууда жана аларды ишке ашырууда өз ордун таба алат. Алынган натыйжалар белгилүү өлчөмдө ички биримдикке жана логикалык ырааттуулукка ээ. Практикалык сунуштар илимий теориялык жоболорго жана эксперименттик тажрыйба иштеринин натыйжаларына негизделген.

Диссертация белгиленген проблема боюнча жана бир катар жаңы илимий таанымдык натыйжаларды камтыйт. Бул изденүүчүнүн ЖОЖдордо болочок мугалимдерди даярдоонун теория жана практикасына кошкон салымын аныктай алат.

7. **Негизги жоболор менен жыйынтыктардын жарыяланышы.** Диссертацияда алынган негизги жоболор, идеялар жана диссертациянын жыйынтыктары диссертанттын 14 илимий ишинде чагылдырылган. Изденүүчүнүн

жарыяланган эмгектери диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктарын толугу менен тастыктап турат.

8. **Диссертациянын мазмуну менен автореферattын дал келүүсү. Былыкова Махабат Максатованын** илимий изилдөөсүнүн автореферати толугу менен диссертациянын мазмунуна дал келет жана анын негизги жоболорун чагылдырат. Диссертация жана автореферат логикалык жактан туура түзүлгөн, аларда ички биримдик сакталган, алардын мазмуну факт менен берилген материалдарга негизделген.

**9. Диссертациянын түзүлүшү жана анын мазмунундагы мүчүлүштүктөр.** Изилдөөдө алынган негиздүү натыйжалар менен катар айрым мүчүлүштүктөр да кездешет:

1. Биринчи эле көзгө урунган кемчилик диссертацияда изилдөө кайсы адистиктин, кайсы дисциплиналардын базасында аткарылгандыгы айкын, конкретүү байкалбайт. Бул маселелер экинчи жана үчүнчү главалардын материалдарында гана билдирилет. Биздин оюбузча диссертациянын предметтик чектери илимий апараттын тиешелүү пункттарында эле айкындалып такталышы керек эле.

2. Диссертация жана авторефератта изилдөөнүн методологиялык принциптери жана методдору жөнүндөгү материалдар өтө кеңири сыпатталбай калган. Айрыкча, студенттердин таанып билүү активдүүлүгүнүн калыптануу абалын, деңгээлдерин өлчөөгө багытталган анкета жана башка маалымат топтоо каражаттарына кеңири мүнөздөмө берилиши керек эле.

3. Диссертациянын натыйжасы катары айкындалган айрым теориялык билимдер фактылык материалдар менен жеткиликтүү тастыкталбагандай таасир калтырат. Алсак, диссертацияда студенттердин таанып билүү аткивдүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган окутуунун интерактивдүү методдору жакшы классификацияланып берилген, бирок аларды кесиптик контекстте иргеп, ылгап алуу маселелери жетиштүү талдоого алынбай калгандай таасир калтырат. Экинчиден, педагогикалык шарттар туура айкындалган, бирок алар ЖОЖдун азыркы шартында аларды ишке киргизүүгө багытталган практикалык иш чаралар конкреттүү белгилениши зарыл. М. ЖОЖдо иновациялык чөйрөнү, түзүү, интерактивдүү окутуучуну даярдоо олуттуу иш чараларды талап кылат. Арийне, диссертацияда буга байланыштуу тажрыйбалар чагылдырылган, бирок алар жетишсиз.

4. Диссертациянын текстинде айрым логикалык кайталоолор, стилдик мүчүлүштүктөр кездешет.

Аталган кемчиликтер көбүнесе талкуулоо, сунуш иретинде көрсөтүлгөндүктөн диссертациянын теориялык жана практикалык натыйжаларына олуттуу таасир эте албайт.

**10.** Изденүүчү Былыкова Махабат Максатованын “Окутуунун интерактивдүү методдорун пайдалануу менен студенттердин таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары” - деген темада жазылган диссертациялык изилдөөсү КР УАКы тарабынан кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарга толугу менен жооп берет, ал эми изденүүчүгө 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууга болот деп эсептейбиз.

Расмий пикир Кыргыз – Түрк “Манас”университетинин педагогика кафедрасынын жыйынында (20 –май 2022 -ж., №5 токтому) талкууланып бекитилген.

**Кыргыз – Түрк “Манас” университетинин**
**педагогика кафедрасынын башчысы,**
**п.и.д., профессор** **Алимбеков А.**